**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЗАМАНБАП ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ**

**ТИЛДЕР КАФЕДРАСЫ**

**Бекитемин**
ЗЭАУнун ректору,
ф.и.д. профессор
_________ Дарбанов М. Е.
" 29 " 08 _____ 2024__

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**550300 Филологиялык билим берүү**

**кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты**

**Академиялык даражасы: Бакалавр**
**Окуу формасы – күндүзгү, сырттан окуу**
**Окуунун стандарттуу мөөнөтү: 4-5 жыл**

СМУнун Окумуштуулар кеңешинин
отурумунда талкууланды, протокол
No 1 __________
"29" 08 ________ 2024-жыл

Жалал-Абад 2024

Негизги билим берүү программасы (НББП) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жогорку кесиптик билим берүүнүн 550300 билологиялык билим берүү багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына ылайык түзүлдү.

НББП 202__-жылдын 29-августунда тилдер кафедрасынын жыйынында каралды жана №1 протокол менен бекитилди.

**Иштеп чыккандар:**

Тилдер кафедрасынын башчысы: Эсенова Н. М.
Ф.и.д. профессор Дарбанов М. Е.
Ф.и.д. профессор Дарбанов Б. Е.
Ф.и.к. профессор Ажыбаева З. А.

**Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү:**

№2 Н. Закиров атындагы мектеп директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими ______________ Мараимова Н. М.
№13 Р. Азимов атындагы мектеп директору, орус тили жана адабияты мугалими ______________ Абидова З. А.
№14 Сатыбалдиев атындагы мектеп директору, орус тили жана адабияты мугалими ______________ Токонова Д. Т.

**НББПнын эксперттери:**

Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун профессору ф.и.к __________ Калчакеев К. Б.
К. Ш. Токтоматов атындагы ЭАУ нун доценти ф.и.к __________ Пайзуллаева К. П.
Илимий изилдөө медициналык-социалдык институнун табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти, ф.и.к. __________ Турдубаева А. М.

**Бүтүрүүчүлөр:**

ЗЭАУК нын орус тили жана адабияты окутуучусу __________ Турашева Ж. К.

**Мазмуну**

1. Жалпы мүнөздөмөлөр
1.1. Негизги билим берүү программасы (аныктама)
1.2.НББПны иштеп чыгууга негиз болгон ченемдик документтер
1.3.Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар.
1.4. Кыскартуулар жана белгилер
2. НББПнын колдонуу чөйрөсү
3. ЖКББ НББПсынын максаттары (миссиясы)
3.1. Программаны иштеп чыгуунун узактыгы
3.2. Окуу формасы
3.3. Профильдер жана адистиктер
4. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар
4.1. ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүдө калыптандырылуучу компетенциялар
5. НББПнын структурасына талаптар
5.1. Окуу планы
5.2. Практиканы өткөрүүнүн шарттарына коюлган жалпы талаптар
5.3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар
6. Ресурстарды камсыз кылуу
6.1. Кадрлар
6.2. Материалдык-техникалык база
6.3. Окуу-методикалык жактан камсыз кылуу
7. НББПнын мүнөздөмөлөрү
7.1. Эмгек рыногунун муктаждыктары
7.2. Рынокту жайгаштыруу
7.3. Эмгек рыногу менен байланыш
8. Документациянын түзүмү
8.1. Компетенттүүлүк матрицасы
8.2. Программаны ишке ашыруу үчүн документтер

## 1. Жалпы мүнөздөмөлөр

### 1.1. Негизги билим берүү программасы (аныктама)

Негизги билим берүү программасы **550300 Филологиялык билим берүү** багытынын кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты профили боюнча бакалаврды даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы билим берүү чөйрөсүндө аймактын эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарына жана башка нормативдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде даярдоонун аталган багыты боюнча иштелип чыгып, бекитилген окуу-усулдук документтерди өзүнө камтыйт.

Аталган негизги билим берүү программасы максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, билим берүү процессинин мазмунун, шартын жана колдонуунун технологияларын, аталган багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: а) окуу планы; б) жумушчу окуу планы; в) НББПдагы компетенциялар картасын, г) окуу планындагы базалык дисциплиналардын программаларынын аннотацияларын; д) окуу планындагы ЖОЖдук компоненттердеги дисциплиналардын жана элективдик курстардын программаларынын аннотацияларын; е) педагогикалык практикалардын программаларынын аннотациясын; ж) бүтүрүүчү мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптарды.

**1.2. НББПны иштеп чыгууга негиз болгон ченемдик документтер** Бакалаврдын НББПсын иштеп чыгуунун нормативдик базасы төмөнкүлөрдөн турат:

- Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы (КР мыйзамдарынын редакциясында 28-декабрындагы 2006-ж. №225, 31- июль 2007-ж. №111, №115; 20-январь 2009-ж. №10, 17-июнь 2009-ж. №185, 15-янв. 2010-ж. №2, 13-июнь 2011-ж. №42, 8-август 2011-ж., №150, 29-дек., 2011-ж. №255, 23-август 2011-ж. №496, 29-май 2012ж. №347, 30-июль 2013-ж. №176, 2021-ж.23-март, №38).
- КР Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-ж. №53 токтому менен бекитилген КРда жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдары жөнүндөгү Жобосу;
- 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты профили боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (Бишкек, 2021), академиялык даражасы: бакалавр;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагы боюнча нормативдик укуктук актылары; ЗЭАУнун Уставы;
- ЗЭАУнун «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү” Жобосу;
- ЗЭАУнун “Дисциплиналардын жумушчу программаларынын жана силлабустарынын мазмуну жана түзүлүшү жөнүндөгү” Жобосу;
- ЗЭАУнун “Окуу-усулдук комплекс (УМК) жөнүндөгү” Жобосу;
- ЗЭАУнун “Педагогикалык практиканы өткөрүү жөнүндөгү” Жобосу;
- ЗЭАУнун “Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү” Жобосу;
- ЗЭАУнун “Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү” Жобосу;
- ЗЭАУнун “Студенттерди учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестациясы жөнүндөгү” Жобосу.

### 1.3. Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар.

Жогорку кесиптик билим берүүнүн бул негизги билим берүү программасында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсү үчүн Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган эл аралык документтерге ылайык төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- **негизги билим берүү программасы** – максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунду жана даярдоонун тиешелүү багыттары боюнча билим берүү процессин ишке ашырууну иреттөөчү окуу-усулдук документтердин жыйындысы;
- **даярдоонун багыты** – фундаменталдык даярдоонун жалпылыгынын негизинде интеграциялануучу түрдүү профилдеги жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (бакалавр, магистр жана адистер) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **модуль** – окутуунун, тарбиялоонун көрсөтүлгөн максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бир бөлүгү;
- **профиль – негизги билим берүү программасынын** белгилүү бир түргө багытталуусу жана (же) **кесиптик** ишмердиктин объектиси.
- **компетенция** – белгилүү бир чөйрөдө эффективдүү, жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон окуучунун (студенттин) билим алуу даярдыгына алдын ала коюлган коомдук талап (норма);
- **бакалавр** – магистратурага кирүүгө жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификация деңгээли;
- **магистр** – аспирантурага жана (же) негизги докторантурага (PhD / профиль боюнча) окууга кабыл алуу жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификация деңгээли;
- **чегерим бирдик (кредит)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы / модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;
- **жалпы илимий компетенциялар** – кесиптик ишмердиктин бардык (же көпчүлүк) түрлөрү үчүн жалпы деп саналган мүнөздөмөлөр: окууга, анализге, синтезге жөндөм ж.б.;
- **инструменталдык компетенциялар** төмөнкү нерселерди камтыйт – когнитивдик жөндөмдөр, түшүнүү жана идеялар менен ой жүгүртүүлөрдү колдонуу жөндөмү; методологиялык жөндөмдөр, айдана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштура билүү, окутуу стратегияларын тизмектөө, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдөрү; технологиялык билгичтиктер, техниканы колдонуу менен байланышкан билгичтиктер, компьютердик билимдер жана маалыматтык башкаруу жөндөмдөрү; лингвистикалык билгичтиктер, коммуникативдик компетенциялар;
- **коомдук-личносттук жана жалпы маданий компетенциялар** – сын ой жүгүртүү жана өзүн-өзү сындай билүү жөндөмү, сезимдерди билдирүү жана мамиле түзүү билгичтиктери менен байланышкан жеке жөндөмдөр, ошондой эле коомдук өз ара аракеттешүү жана кызматташуу процесстери, топтордо иштөө, коомдук жана этикалык милдеттемелерди алуу билгичтиктери менен байланышкан коомдук билимдер;
- **кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердиктин белгилүү бир түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды аныктаган жана кызматкердин ал ишмердик түрүнүн кандай экендигине карабай каалаган уюмда өзүнүн штаттык ордун укуктук жактан ээлөөгө татыктуу болууга милдеттүү болгон сапаттык деңгээлди сүрөттөй турган

негизги документ.

- **магистр** – тиешелүү багыт боюнча бакалавр академиялык даражасына ээ болгон жана жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын окутуунун 2 жылдан кем эмес нормативдик мөөнөтүндө ийгиликтүү өздөштүргөн тарапка аттестациянын жыйынтыгы боюнча ыйгарылуучу академиялык даража жана ал тиешелүү кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө же аспирантурага окуусун улантууга укук берет;
- **кредит (зачеттук бирдик)** – ЖОЖдо толук академиялык билим берүүнү аяктоо үчүн ар бир курстагы иштин жалпы көлөмүн, керектүү иштердин өлчөмүн чагылдыруучу, жана аны өздөштүрүү үчүн зарыл болгон студенттин жүктөмүн аныктоочу дисциплинанын бирдиги менен ылайыкташкан сандык көрсөткүч. Керектүү иштерди аткарып, окутуунун жетишилген натыйжасына ылайыктуу бааларды алгандан кийин гана ECTSтин кредитине ээ болушу мүмкүн;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасын окутуунун натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар.
- **компетенциялар матрицасы –** билим берүү программалары билим берүү программаларынын мазмундарынын ортосундагы структуралык-логикалык байланыштарды жана пландаштырылган компетенттүү билим берүүнүн натыйжаларын чагылдырууну өзүнө камтыйт.

### 1.4. Кыскартуулар жана белгилер

Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасында төмөнкүдөй кыскартуулар кездешет:

**МББС** – мамлекеттик билим берүү стандарты;

**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;

**НББП** – негизги билим берүү программасы;

**ОУБ** – окуу-усулдук бирикме;

**НББП ДЦ** – негизги билим берүү программасынын дисциплиналар циклы;

**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;

**ИК** - инструменталдык компетенциялар;

**КЛЖМК** - коомдук-личносттук жана жалпы маданий компетенциялар;

**КК** – кесиптик компетенциялар;

**2. НББПнын колдонуу чөйрөсү**

**2.1. 550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча ЗЭАУда ишке ашырылып жаткан бакалаврларды даярдоонун негизги билим берүү программасы бул окутуунун көрсөтүлгөн багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде билим берүү чөйрөсүндөгү региондук эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен университет тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген окуу-методикалык документтердин системасы.

**2.2. НББПнын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат**:

ЗЭАУнун жетекчилиги, профессордук-окутуучулар курамы жана студенттери, мамлекеттик аттестациялык-экзамендик комиссиялар, мугалимдердин усулдук бирикмелери, билим берүүнү башкаруунун региондук органдары, тиешелүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери, жогорку кесиптик билим берүү тутумунда мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, кесиптик билим берүүнүн сапатын жана профессионалдык программаларын ишке ашыруучу органдар жогорку кесиптик билим берүү системасындагы уюмдар.

**2.3.** Жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим базасында бакалавриаттын НББПсын өздөштүрүүгө зарыл болгон даярдоо деңгээлине коюлган талаптар

**2.3.1.** "Бакалавр" академиялык даражасын ыйгаруу менен кесиптик жогорку окуу жайына тапшырган абитуриенттин билим деңгээли болуп жалпы орто билим же орто кесиптик (же кесиптик жогорку) билим саналат.

**2.3.2.** Талапкерде болуу керек:

- мамлекеттик үлгүдөгү жалпы орто же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билими жөнүндөгү документи;
- жеткиликтүү баллы менен ЖРТдан өтүү сертификаты;
- коммуникативдик чөйрөгө зыяндуулугу жоктугун, кептик жана башка оорулардын зыяндуулук таасиринин жоктугун, келечектеги педагогикалык ишмердүүлүгүнө ден соолугунун жарамдуулугун тастыктаган медициналык документи;
- педагогикалык ишмердүүлүккө кызыгуусу жана бул кесипке жөндөмдүүлүгүнүн болушу.

**3. ЖКББ НББПсынын максаттары (миссиясы)**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты профили боюнча ЖКББ НББП студенттерде аталган багыт боюнча мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык келген жана студенттерде максатка умтулгандык, уюштуруучулук, жоопкерчилик, атуулдук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук сыяктуу жалпы маданиятын өнүктүрүүчү, үзгүлтүксүз билим алуу чөйрөсүндө кесиби боюнча өзүн жана өз билимин өстүрүүгө багытталган универсалдык (жалпы илимий, инструменталдык, социалдык-инсандык жана жалпы маданий) жана кесиптик компетенцияларды калыптандырууну максат кылат.

**3.1. Программаны иштеп чыгуунун узактыгы**

550300 Филологиялык билим берүү адистиги боюнча бакалаврларды даярдоо үчүн ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү күндүзгү окуу бөлүмүндө орто жалпы билим берүүнүн базасында 4 жылдан кем эмес.

Сырттан окуу бөлүмүндө 550300 Филологиялык билим берүү адистиги боюнча жалпы орто билимдин базасында бакалаврларды даярдоо үчүн ООП ЖПБны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 5 жылдан кем эмес.

Тездетилген программаларды ишке ашыруунун алкагында күндүзгү окуу формасында орто кесиптик билим берүүнүн базасында бакалаврларды даярдоо үчүн ООП ЖПОну өздөштүрүү мөөнөтү 3 жылдан кем эмес.

**3.2. Окуу формасы**

- Толук жана толук эмес күн.

**3.3. Профильдер жана адистиктер**

- Филологиялык билим берүү (бакалавр даражасы)

**4. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар**

**4.1. ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүдө калыптандырылуучу компетенциялар**

Даярдоонун **550300 Филологиялык билим берүү** кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты профили боюнча “бакалавр” квалификациясы ыйгарылган бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана кесиптик ишмердиктин ЖКББ МББСнын 3.4-жана 3.8пункттарында көрсөтүлгөн милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:

**а) универсалдык:** *– жалпы илимий (ЖИК):*

**ЖИК-1**. Бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана ага сын көз менен кароого, турмуш баалуулуктарына, маданиятка багыт алууга, активдүү жарандык позицияга ээ болууга, адамдарды урматтоого жана толеранттуулукка жөндөмдүү болуу; *– инструменталдык (ИК):*

**ИК-1.** Мамлекеттик, расмий тилде жана иш, окуу чөйрөсүндөгү чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу;

**ИК-2.** Иш жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү болуу;

**ИК-3.** Кесиптик ишмердигинде ишкердик билимдерди жана билгичтиктерди колдонууга жөндөмдүү болуу.

*– коомдук-инсандык жана жалпы маданий компетенция (КИЖМК):*

**КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу.

*– кесиптик (КК):*

**КК-1.** Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-2**. Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-3.** Окуу процесси үчүн окутуунун инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана рационалдуу колдонуу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) багытталган принциптерине оптималдуу шарт түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-4**. Окутулгандарды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, методикасын билет жана окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-5.** Туруктуу улуттук баалуулуктардын негизинде окуучуларды руханий-нравалык жактан тарбиялоонун принциптери менен шарттарын түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-6**. Билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттик-кеңеш берүүчүлүк иштерге катышууга, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдукмаданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү;

**КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптапциялангандан кийин аларды колдоно алат;

**КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү;

**КК-9**. Интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү;

**КК-10**. Окуучулардын ар кандай чөйрөдөгү (акыл, коомдук, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин аныктай алат жана ага жараша ар түрдүү терс таасирлерге (зомбулук, ичимдик жана баңги заттарын колдонуу ж.б.) жол бербөө үчүн алдын алуу иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**КК-11**. Интеграцияланган жалпы жана кесиптик билимдердин, анын ичинде иш жана окуу чөйрөсүндөгү теориялар менен принциптерди сын ой жүгүртүү менен түшүнүүнү камтыган билимдердин кеңири диапазонуна ээ;

**КК-12**. Өзү үйрөнгөн тилинин адабияты жөнүндө анын тарыхый өнүгүү жана азыркы абалында билимдерге ээ;

**КК-13.** Үйрөнүлгөн тилдеги оозеки жана жазуу кебин кабылдоо, түшүнүү, ошондой эле көп кырдуу анализдөө билгичтиктерине ээ;

**КК-14**. Тексттердин ар түрдүү типтерин жана түрлөрүн чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана трансформациялоо, усулдарды, анализ ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-15.** Тексттердин ар түрдүү типтерин лингвистикалык (адабият таануучулук дагы) көз караштa өз алдынча анализдөөгө, чечмелөөгө жөндөмдүү;

**КК-16.** Үйрөнүлгөн тилде тилдин социомаданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу түрүндө баарлашуу стратегияларын түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-17.** Тилге жана адабиятка интеграциялап окутуу усулдарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-18.** Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүү боюнча милдеттерди коё алат.

Бакалаврды даярдоо үчүн билим берүү программаларын иштеп чыгууда бардык универсалдык компетенциялар, ошондой эле кесиптик ишмердиктин бул программа багытталган кесиптик компетенциялары дагы, программанын окутуунун жыйынтыктары талап кылган тобуна кирет. Даярдоо процессинде окуучу аны даярдоонун белгилүү бир профилине байланышкан башка (атайын кесиптик) компетенцияларын алса болот.

Профиль 5тен кем эмес аталыштагы кошумча атайын кесиптик компетенциялар менен жана ЗЭАУ тарабынан өзүнчө аныкталат. Профилдердин тизмеси ОМБда бекитилет.

Кошумча компетенциялардын тизмеси квалификациялардын улуттук рамкасынын, квалификациялар менен кесиптик стандарттардын (эгер болсо) тармактык / сектордук чектеринин негизинде аныкталат.

**5. НББПнын структурасына талаптар**

**5.1. Окуу план**

Бакалавр даражасын даярдоонун окуу пландары базалык окуу планы жана окутуунун жумушчу окуу планы менен чагылдырылат. (1-тиркеме)

Окуу планы төмөнкү блокторду камтыйт:

1-блок "Дисциплиналар (модулдар)";

2-блок "Практика";

3-блок "Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация".

| **Бакалаврларды даярдоонун НББП тармагы** | | **Бакалаврларды даярдоонун НББП жана анын блокторунун кредиттер иретиндеги көлөмү** |
|---|---|---|
| 1-блок | Дисциплиналар | |
| | I. Гуманитардык, коомдук жана экономикалык цикл<br>II. Математикалык жана табигый цикл<br>III. Кесиптик цикл | 20-35 сан ОМБ тарабынан аныкталат<br>15-20 сан ОМБ тарабынан аныкталат<br>140-160 сан ОМБ тарабынан аныкталат |
| 2-блок | Практика | 15-25 |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынак | 10-15 |
| **Бакалаврларды даярдоонун НББП ЖКББ көлөмү** | | 240 |

**5.2. Практиканы өткөрүүнүн шарттарына коюлган жалпы талаптар**

Бакалаврдын негизги билим берүү программасынын **“Практика”** бөлүгү билим берүүчү болуп эсептелет жана студенттердин кесиптик-практикалык даярдыгына түздөн-түз багытталган окуу иштеринин түрлөрүн өз ичине камтыйт.

Практиканын конкреттүү түрлөрү ЗЭАУнун НББПсында аныкталат. Практиканын ар бир түрү боюнча максат, милдеттер, программалар жана отчеттуулуктун формалары ЗЭАУ тарабынан аныкталат.

**Үйрөнчүк-педагогикалык практика** окуу процессинин графигине ылайык экинчи курстун III семестринде үзгүлтүксүз өткөрүлөт жана ал сабактардын жадыбалын түзүүдө эске алынат. Практиканын негизги максаты - окуу-тарбия процесси, мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштурулушу менен жалпы таанышуу, жалпы билим берүү мекемелеринде тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн башталгыч практикалык көндүмдөрүн алуу. Практика учурунда студенттер мектептин окуу жана тарбиялык иштери менен таанышышат жана жыйындарга, майрамдарга, сүйлөшүүлөргө, маалыматтарга даярданууга катышышат, окуучулар менен кошумча жана жеке сабактарды өтүшөт, дептерлерди жана күндөлүктөрдү текшеришет. Практиканын жыйынтыгы менен практиканттар

долбоорлорду жазышат, аягында отчетторун тапшырышат. Жыйынтык боюнча дифференцияланган баа коюлат.

**Кесиптик-базалык практика** экинчи курстун IV семестрде. үчүнчү курстун V семестринде аткарылат. Кесиптик-базалык практика учурунда класстардагы окуу жана тарбиялык иштерди өтүүнүн усулдарын өздөштүрүшөт, коомдук мекемелердин иштөө ыкмалары жана мазмуну, предметтик кааналардын, ийримдердин иштери менен таанышышат, предметтик кече, окуу, тарбиялык жана класстан тышкаркы сабактарды өткөрүүнү үйрөнөт, айрым окуучулардын жеке адамдык өзгөчөлүгүн жана класстык жамаатты байкоого алуу сыяктуу керектүү билгичтиктерди өздөштүрүшөт. Кесиптик-базалык практиканын жыйынтыгы боюнча отчет жана практика жетекчисинин пикири талап кылынат. Жыйынтык боюнча дифференцияланган баа коюлат.

**Кесиптик-профилдик практикада** студенттер орто жана жогорку класстардагы мугалимдин ролуна өтүшөт. Кесиптик-профилдик педагогикалык практиканын мазмуну даярдоонун профилине туура келиши керек. Педагогикалык практиканын бөлүмдөрүндө студенттер илимий-изилдөөчүлүк долбоорлорду иштеп чыгуусу мүмкүн. Андай учурда программада илимий-изилдөөчүлүк долбоорунун бар экендигин эске алып, жогорку окуу жайы студенттин тандоо мүмкүнчүлүгүн көрсөтүшү керек:

- илимий-педагогикалык адабияттарды жана башка атайын маалыматтарды, билим алуу тармагына тиешелүү ата мекендик жана чет өлкөлүк илим жана билим берүүнүн жетишкендиктерин окуп-үйрөнүү;
- илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө же долбоордун иштелмелерин даярдоого катышуу;
- тема боюнча илимий-педагогикалык маалыматтарды топтоо, кайра иштеп чыгуу, анализдөө жана системалаштырууну жүргүзүү;
- тема же анын бөлүмү боюнча отчет түзүү;
- конференцияларда доклад менен чыгып сүйлөө;

Педагогикалык практиканын бир формасы катары мектеп курагындагы балдар үчүн эс алуучу жайларда өлкөрүлүүчү жайкы педагогикалык практика эсептелет.

### 5.3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар жогорку окуу жайы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2012-жылдын 29-майында бекитилген №346 «Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу укуктук-нормативдик актыларды бекитүү жөнүндөгү» Токтомунун, анын негизинде иштелип чыккан «ЗЭАУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү» Жобосунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы жайынтыктоочу мамлекеттик аттестация жөнүндөгү жоболорго ылайык аныкталат.

1. Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүү бүтүрүүчүнүн милдеттүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы менен жыйынтыкталат.
2. ЗЭАУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү» Жобосу бардык формадагы жогорку кесиптик билимге жана билим берүү даражасына ээ болуучу бүтүрүүчүлөргө таратылат.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын максаты келечектеги кесиптик милдеттерин аткаруу жана аларды даярдоодо жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүүчү ЗЭАУнун бүтүрүүчүлөрүн даярдоо деңгээлин аныктоо болуп эсептелет.

4. Жогорку кесиптик билим берүүнүн тиешелүү багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык ЗЭАУда иштелип чыккан НББПны толук көлөмдө өздөштүргөн студентке жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга кирген аттестациялык сынактарга уруксат берилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык сынактарды тапшырып, андан ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүгө тиешелүү кесиптик квалификация же академиялык даража ыйгарылып, жогорку кесиптик билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

**Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын түрлөрү**

ЗЭАУнун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун негизинде аттестациялык сынактардын түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы жана Кыргызстандын географиясы боюнча мамлекеттик сынак;
- Филологиялык билим берүү багыты боюнча мамлекеттик сынак (кыргыз тили жана адабияты) же бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо;
- Филологиялык билим берүүнүн (кыргыз тили жана адабияты) педагогикасы жана окутуунун усулу боюнча мамлекеттик сынак же бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация өз ичине мамлекеттик сынактарды камтыйт. Мамлекеттик сынактарга коюлган талаптар ЗЭАУ тарабынан аныкталат.

**Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби**

1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык сынакты өткөрүү тартиби жобонун негизинде ЗЭАУнун программаларында иштелип чыгат жана бардык билим берүү формалары боюнча окуган студенттерге мамлекеттик аттестация башталганга чейин жарым жыл мурда маалымдалат. Студенттер мамлекеттик сынактын программалары менен камсыз болот, ага даярдануу үчүн зарыл болгон шарттар түзүлүп, консультациялар өтүлөт.

2. Мамлекеттик аттестация мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ачык жыйынында анын курамынын кеминде үчтөн, экиден кем эмес мүчөсүнүн катышуусу менен жүргүзүлөт. Мамлекеттик сынакты кабыл алуунун тартиби ЗЭАУнун программаларында белгиленет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга кирген аттестациялык сынактын бардык түрүнүн жыйынтыгы «эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес» деген баалар менен аныкталат жана белгиленген тартип боюнча ошол күнү комиссиянын жыйынынын протоколуна түшүрүлөт. Комиссия тарабынан коюлган баа чечүүчү болуп эсептелет.

**Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактарга коюлган талаптар**

Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактардын мазмуну жана формасы ОУБдун көрсөтмөлөрүнө ылайык аныкталат. Багыты боюнча (кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты) мамлекеттик сынак (тиешелүү дисциплиналар боюнча); педагогика, кыргыз, орус тилин жана адабиятын окутуунун усулу боюнча мамлекеттик сынак.

Багыты (адистиги) боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жана бүтүрүүчү аттестациялык сынакты баалоо критерийлери ЗЭАУнун окуу-усулдук кеңеши тарабынан бекитилет.

**Филологиялык билим берүү багыты боюнча мамлекеттик сынак (кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты) же бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо**

550330 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты профилинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы бүтүрүүчүдө кесиптик компетенциялардын калыптануу деңгээлин текшерүүнү максат кылат жана мамлекеттик сынак формасында жүргүзүлөт. Сынактын программасы азыркы кыргыз, орус тили жана адабиятынын бөлүмдөрү боюнча алган билимдерин теориялык жана практикалык жактан жыйынтыктоого багытталган. Сынактын концепциясы педагогикалык билим берүүнүн бакалаврын даярдоого компетенттүү мамиле кылууга негизделген. Сынактын материалдарынын мазмуну төмөнкү шарттар аркылуу аныкталуучу негизги кесиптик тапшырмаларды чечүүгө студенттин даярдыгын текшерүүгө багытталган:

- тил илиминин жана адабият таануунун теориялык негиздерин өздөштүрүү;
- кеп маданиятынын кесиптик негиздерин өздөштүрүү;
- базалык жана элективдик курстардын окуу программаларын ар түрдүү билим берүү мекемелеринде ишке ашырууга жөндөмдүүлүгү;
- филологиялык илимдердин классикалык бөлүмдөрүнүн негизги жоболорун, филологиянын базалык идеяларын жана методдорун, негизги педагогикалык системанын түзүмүн жана методдорун өздөштүрүү.

**Филологиялык билим берүүнүн (кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты) педагогикасы жана окутуунун усулу боюнча мамлекеттик сынак же бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо**

Сынактын программасы азыркы кыргыз, орус тилин жана адабиятын окутуунун усулунун бөлүмдөрү, педагогика боюнча алардын алган билимдерин теориялык жана практикалык жактан жыйынтыктоого багытталган. Сынактын концепциясы педагогикалык билим берүүнүн бакалаврын даярдоого компетенттүү мамиле кылууга негизделген. Сынактын материалдарынын мазмуну төмөнкү шарттар аркылуу аныкталуучу негизги кесиптик тапшырмаларды чечүүгө студенттин даярдыгын текшерүүгө багытталган:

- заманбап методдорду жана технологияларды, анын ичинде, тишелүү билим берүү мекемелеринде белгиленген билим берүү баскычында окутуу-тарбиялоо процессинин сапатын камсыздоо үчүн маалыматтык технологияларды колдонууга жөндөмдүүлүгү;
- окуучулардын жана тарбиялануучулардын жетишкендиктерин камсыз кылуучу заманбап методдорду пайдаланууга, социализация процессин педагогикалык жактан колдоого жана окуучулар кесиптик өз жөндөмдүүлүгүн аныктоого, аларды аң-сезимдүүлүк менен кесип тандоого даярдоону ишке ашырууга жөндөмдүүлүгү;
- билим берүү чөйрөсүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, анын ичинде, окутуу-тарбиялоо процессинин сапатын камсыздоо үчүн маалыматтык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга жөндөмдүүлүгү;
- педагогиканын мазмунун жана методдорун өздөштүрүү, аймактын, мектептин, класстын, окуучунун жеке өзгөчөлүгүнө ылайыкташкан конкреттүү педагогикалык шарттарда кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун теориясын жана усулун пайдалана билүүсү.

Даярдоонун профили боюнча мамлекеттик сынак оозеки түрдө жүргүзүлөт жана өзүнө теориялык, практикалык бөлүмдөрдү камтыйт.

Теориялык бөлүм өздөштүрүлгөн билимдердин системалуулугун, негизги түшүнүктөрдү, предметке тиешелүү методдорду жана каражаттарды өздөштүрүү деңгээлин

аныктоого багытталган. Практикалык бөлүм студенттерге алган билимдерин конкреттүү шарттарда пайдаланууга жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Сынак билеттери жыйынтыктоочу аттестациянын программаларына ылайык студентке өз билимдерин системалаштырып, кесиптик компетенттүүлүгүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү багытында түзүлөт. Сынакта студенттин берилген суроолорго жооп берүүгө даярдануусу үчүн нормативдик документтерди, кесиптик дисциплиналар боюнча ОМКнын элементтерин (окуу дисциплинасынын программаларын, жалпы билим берүүчү мекемелердин билим берүү программаларын ж.б.), өздүк портфолиосун пайдаланууга уруксат берилет.

## 6. Ресурстарды камсыз кылуу

### 6.1. Кадрлар

Программаны ишке ашыруу үчүн профессордук-окутуучулук курамды тандоо ЗЭАУнун профессордук-окутуучулук кызмат орундарына белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык конкурстук негизде жүргүзүлөт. Толук иштеген мугалимдер менен үч жылда бир жолу эмгек келишими түзүлөт. Окуу процесси жогорку квалификациялуу филологдорду даярдоо үчүн зарыл болгон кесиптик тажрыйбасы, окутуучулук квалификациясы жана компетенциялары бар адистер тарабынан камсыз кылынат.

Кесиптик циклдин окутуучулары, эрежеге ылайык, магистр, илимдин кандидаты, илимдин доктору эрежелерине ээ жана (же) тиешелүү кесиптик чөйрөдө ишмердик тажрыйбасына ээ болууга тийиш.

Илимдин доктору же илимдин кандидаты илимий даражасына ээ окутуучулар тарабынан окулган дисциплиналардын, лекциялардын үлүшү дисциплиналардын жалпы санынын 40% дан аз эмес бөлүгүн түзүүгө тийиш.

Илимий даражага жана (же) илимий наамга ээ окутуучулардын жалпы санынын 10% га чейинкиси бул багыт (профиль) боюнча жетекчи кызматтарда эң кийинки 10 жылдык практикалык эмгек стажына ээ окутуучулар же алдыңкы адистер тарабынан алмаштырылса болот.

### 6.2. Материалдык-техникалык база

Тилдер кафедрасы окуу планынын алкагында студенттердин лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык окутуунун бардык түрлөрүн, ошондой эле практикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнү толук камсыз кылган заманбап материалдык-техникалык базага ээ. Материалдык-техникалык жабдуу учурдагы санитардык жана өрт коопсуздугунун ченемдерине жана стандарттарына жооп берет, бул окуунун коопсуз жана ыңгайлуу шарттарына кепилдик берет.

Бакалавриат программасын ишке ашыруу төмөнкүлөрдү камтыйт:

- натыйжалуу лекцияларды, практикалык сабактарды жана семинарларды өткөрүүгө мүмкүндүк берүүчү билим берүүчү маалыматты сактоо, берүү жана берүү үчүн адистештирилген эмеректер жана мультимедиялык жабдуулар менен жабдылган окуу кабинеттери;
- мультимедиялык инструменттер менен жабдылган студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн бөлмөлөр, локалдык жана глобалдык билим берүү маалымат тармактарына кирүү, ошондой эле даярдоо үчүн методикалык материалдар.

Студенттер үчүн практикалык окуунун өзгөчө элементи болуп 2021-жылдан бери иштеп келе жаткан методикалык кабинет саналат. Бул филологиялык билим берүү программасынын студенттеринин негизги кесиптик көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн

практикалык платформа болуп саналат. Методикалык кабинет усулдук көрсөтмөлөр менен жабдылган, бул студенттерге методикалык көрсөтмөлөр боюнча көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана реалдуу филологиялык иштер менен иштөөдө баалуу тажрыйба алууга мүмкүндүк берет.

### 6.3. Окуу-методикалык жактан камсыз кылуу

Негизги билим берүү программасы бардык курстар жана дисциплиналар боюнча окуу-методикалык документтер жана материалдар менен толук камсыздалган. Ар бир дисциплинанын мазмуну окуу-методикалык комплекстерде берилген.

**Методикалык колдоо төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- **Аудитордук иш-чаралар**: иш программалары, лекция курстары, окуу китептери, практикалык жана семинардык сабактардын пландары, маселелер жыйнагы, методикалык сунуштар, ишкердик оюндары үчүн материалдар.
- **Студенттердин класстан тышкаркы иштери**: СӨАИнин графиктери, өзүн өзү баалоо үчүн тапшырмалар, дилбаяндардын жана докладдардын темалары, курстук жана квалификациялык иштер, адабияттардын тизмеси, усулдук сунуштар, билимди баалоо критерийлери.

Билим берүү процессинде окуу процессин колдоону автоматташтырган интеграцияланган автоматташтырылган маалыматтык системасы «E-bilim» жигердүү колдонулууда. Система төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бардык адистиктер боюнча окуу пландары;
- студенттердин контингенти;
- отчеттордун негизги түрлөрү;
- графикти автоматташтыруу, компьютердик тестирлөө, студенттердин маалымат базасын түзүү жана рейтингдерди эсептөө үчүн куралдар.

Университетте ошондой эле кафедраларды жана түзүмдүк бөлүмдөрдү бирдиктүү маалымат мейкиндигине бириктирген виртуалдык жеке тармак иштейт, бул эффективдүү өз ара аракеттенүүнү жана керектүү маалыматтарга тез жетүүнү камсыз кылат.

**7 . НББПнын мүнөздөмөлөрү**

**7.1. Эмгек рыногунун муктаждыктары**

Филологиялык билим берүү бакалавриат программасы заманбап чакырыктарга жана кесиптик чөйрөнүн талаптарына жооп берген адистерди даярдоонун актуалдуулугун баса белгилейт. Эмгек рыногунун муктаждыктарын талдоонун негизги аспектилери төмөнкүлөрдү камтыйт:

**1. Бүтүрүүчүлөргө суроо-талапты талдоо:**

- Программа жалпы орто билим же кесиптик орто билим берүү багытында, мамлекеттик органдарда, коммерциялык уюмдарда ийгиликтүү ишке орношууга жөндөмдүү бакалаврларды даярдоого багытталган.
- Бүтүрүүчүлөр жалпы орто билим же кесиптик орто билим берүү мекемелеринде, массалык маалымат каражаттарында, ошондой эле улуттук маданиятка колдоо көрсөткөн уюмдарда суроо-талапка ээ.

**2. Негизги иш берүүчүлөрдүн портрети:**

- Жалпы орто билим же кесиптик орто билим берүүчү мекемелер.
- Массалык маалымат каражаттары.
- Мамлекеттик кызматтардын иш-кагазын жүргүзүүчү бөлүмдөрү,
- басмаканалар

**3. Иш берүүчүлөрдүн бүтүрүүчүлөр үчүн талаптары:**

- Филологиялык билим берүү жаатында кесиптик милдеттерди чече алган жана тандап алган ишмердиктин чөйрөсүндө ийгиликтүү иштеген, эмгек рыногунда социалдык ыкчамдыкка жана туруктуулукка түрткү берүүчү универсалдык, кесиптик жана атайын компетенцияларга ээ болуу.

**7.2. Рынокту жайгаштыруу**

Мыйзам боюнча бакалавр даражасы программасы бүтүрүүчүлөргө атаандаштык артыкчылыктарды камсыз кылуучу программанын уникалдуу өзгөчөлүктөрүнө басым жасайт. Жайгаштыруунун негизги аспектилери төмөнкүлөрдү камтыйт:

**1. Программанын артыкчылыктары:**

- Программа заманбап билим берүү стандарттарын жана эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан, бул квалификациялуу адистерди даярдоого кепилдик берет.
- Методикалык кабинеттердин болушунун аркасында практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат, бул студенттерге реалдуу филологиялык иштер менен иштөөгө мүмкүндүк берет.
- «Ebilim» интегралдык автоматташтырылган маалыматтык системасын колдонуу билим берүүнүн сапатын жогорулатат жана окуу процессинин заманбап инструменттерин камсыз кылат.

**2. Программанын уникалдуу өзгөчөлүктөрү:**

- Теориялык окуу менен практикалык иштин, анын ичинде өнөктөштүк уюмдарда милдеттүү окуу жана өндүрүштүк практиканын тең салмактуу айкалышы.
- Жогорку квалификациялуу профессордук-окутуучулук курам, алардын олуттуу бөлүгү илимий даражага жана кесиптик тажрыйбага ээ.

- Эл аралык стандарттарга жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл буруу.

**3. Студенттер жана иш берүүчүлөр үчүн жагымдуулук:**

- Программанын бүтүрүүчүлөрү филологиялык билим берүү боюнча терең билимге ээ болушат, ошондой эле ар түрдүү кесиптик чөйрөдө иштөө үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү алышат.
- Программа Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагында жана андан тышкары иштөөгө даяр ар тараптуу адистерди даярдоого багытталган.

**7.3. Эмгек рыногу менен байланыш**

Филологиялык билим боюнча бакалавр программасы кесиптик чөйрөнүн керектөөлөрү менен окуу процессинин тыгыз интеграциясын көрсөтөт. Бул бүтүрүүчүлөр үчүн жогорку суроо-талапты жана алардын реалдуу эмгек шарттарына ийгиликтүү ыңгайлашуусун камсыздайт. Программанын эмгек рыногу менен байланышынын негизги аспектилерине төмөнкүлөр кирет:

**1. Негизги иш берүүчүлөрдүн тизмеси:**

- Жогорку окуу жайларында, кесиптик орто билим берүүчү же жалпы орто билим берүүчү мекемелерде;
- Массалык маалымат каражаттарында;
- Мамлекеттик кызматтардын иш-кагазын жүргүзүүчү бөлүмдөрүндө кызматтарын көрсөтүүдө.

**2. Бүтүрүүчүлөр үчүн жумушка орношуу жолдору:**

- Жогорку окуу жайларына, кесиптик орто билим берүүчү же жалпы орто билим берүүчү мекемелерге.
- Массалык маалымат каражаттарына корректор
- Мамлекеттик кызматтардын иш-кагазын жүргүзүүчү бөлүмдөрү.

**Кесиптик коомчулук менен кызматташуу:**

- Программа уюмдарда милдеттүү стажировкаларды камтыйт, бул студенттерге окуу учурунда кесиптик тажрыйбага ээ болууга мүмкүндүк берет.
- Өнөктөштөр менен түзүлгөн келишимдер практикалык орундарды түзүп, эмгек рыногу үчүн зарыл болгон компетенцияларды өнүктүрүүгө салым кошот.
- Студенттердин методикалык кабинеттерден пайдалануусу кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет жана потенциалдуу иш берүүчүлөр үчүн кошумча баалуулуктарды жаратат.

**Иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен:**

- Программа адистерди даярдоону жакшыртуу боюнча каалоолорду жана сунуштарды камтыган иш берүүчүлөрдүн пикирлеринин негизинде үзгүлтүксүз жаңыланып турат.
- Бүтүрүүчүлөр кесиптик ишмердүүлүктүн заманбап стандарттарына жооп берген билимге жана көндүмгө ээ, бул аларды рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү кылат.

# 8 . Документациянын түзүмү
## 8.1. Компетенттүүлүк матрицасы

**НББПны өздөштүрүүнүн натыйжалары жана калыптандырылуучу компетенциялар**

| Окутуунун натыйжалары | Калыптандырылуучу компетенциялар |
|---|---|
| | **1-ОН = ЖИК-1 + ИК-1 + И-2 + ИК-3 + КИЖМК-1** |
| **1-ОН** – гуманитардык жана табигый илимдердин негизги жоболорун пайдалануу аркылуу учурдагы жашоого багыт алууга жөндөмдүү | **ЖИК-1**. Бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана ага сын көз менен кароого, турмуш баалуулуктарына, маданиятка багыт алууга, активдүү жарандык позицияга ээ болууга, адамдарды урматтоого жана толеранттуулукка жөндөмдүү болуу;<br>**ИК-1.** Мамлекеттик, расмий тилде жана иш, окуу чөйрөсүндөгү чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу;<br>**ИК-2.** Иш жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү болуу;<br>**ИК-3.** Кесиптик ишмердигинде ишкердик билимдерди жана билгичтиктерди колдонууга жөндөмдүү болуу.<br>**КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу. |
| | **2-ОН = ИК-1 + ИК-3 + КК-6** |
| **2-ОН** - Мамлекеттик, расмий тилде жана иш, окуу чөйрөсүндөгү чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу. | **ИК-1.** Мамлекеттик, расмий тилде жана иш, окуу чөйрөсүндөгү чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу;<br>**ИК-3.** Кесиптик ишмердигинде ишкердик билимдерди жана билгичтиктерди колдонууга жөндөмдүү болуу.<br>**КК-6.** Билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттиккеңеш берүүчүлүк иштерге катышууга, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү. |
| | **3- ОН = КК-5 + КК -11 + КК -16** |

| | |
|---|---|
| **3-ОН -** мектеп жамаатынын деңгээлинде толеранттуу жана инсандар аралык мамиле түзө алат, этикалык, кесиптикэтикалык принциптерди ишке ашырууга жөндөмдүү, өз ишинин натыйжаларын талдоого жана кесиптик ишмердүүлүгүндө алган билимдерин туура пайдаланууга жумшайт. | **КК-5.** Туруктуу улуттук баалуулуктардын негизинде окуучуларды руханий-нравалык жактан тарбиялоонун принциптери менен шарттарын түзүүгө жөндөмдүү;<br>**КК-11**. Интеграцияланган жалпы жана кесиптик билимдердин, анын ичинде иш жана окуу чөйрөсүндөгү теориялар менен принциптерди сын ой жүгүртүү менен түшүнүүнү камтыган билимдердин кеңири диапазонуна ээ;<br>**КК-16.** Үйрөнүлгөн тилде тилдин социомаданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу түрүндө баарлашуу стратегияларын түзүүгө жөндөмдүү. |
| | **4-ОН = КК-3 + КК-5 + КК-6 +КК-10** |
| **4-ОН -** инсанга багытталган билим берүү принциптерине (ден соолукту сактоо, маданий ар түрдүүлүк ж.б.) ылайык билим алуу үчүн оптималдуу шарттарды түзүүчү мекемелерде окуучулардын ар кандай куракттагы топтору үчүн окутуубилим берүүнүн деңгээли жана профилдери жана билим берүүнүн ар кандай түрлөрү боюнча окуу процессин уюштура алат. | **КК-3.** Окуу процесси үчүн окутуунун инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана рационалдуу колдонуу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) багытталган принциптерине оптималдуу шарт түзүүгө жөндөмдүү;<br>**КК-5.** Туруктуу улуттук баалуулуктардын негизинде окуучуларды руханий-нравалык жактан тарбиялоонун принциптери менен шарттарын түзүүгө жөндөмдүү;<br>**КК-6**. Билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттик кеңеш берүүчүлүк иштерге катышууга, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү;<br>**КК-10**. Окуучулардын ар кандай чөйрөдөгү (акыл, коомдук, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин аныктай алат жана ага жараша ар түрдүү терс таасирлерге (зомбулук, ичимдик жана баңги заттарын колдонуу ж.б.) жол бербөө үчүн алдын алуу иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү. |
| | **5-ОН = КК-1+КК-18** |

| | |
|---|---|
| **5-ОН -** кесиптик ишмердүүлүктө педагогикалык билимдин натыйжаларын колдоно билүү, кесиптик ишмердүүлүккө байланышкан маселелерди чечүү жана аткаруу. | **КК-1.** Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялыкпедагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү;<br>**КК-18.** Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүү боюнча милдеттерди коё алат. |

| | |
|---|---|
| | **6-ОН = КК-2+КК-4** |
| **6-ОН -** Методикалык маселелерди (моделдер, методдору, технологиялары жана окутуу методдору) чечүүнү билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдоно алат. | **КК-2**. Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү;<br>**КК-4**. Окутулгандарды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, методикасын билет жана окуучулардын кесиптик өзүнөзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө жөндөмдүү. |
| | **7-ОН = ИК-3 +КК-7 + КК-8** |
| **7-ОН -** адистик дисциплиналардын базасында өнүгүү мүнөзүндөгү билим берүүнүн милдеттерин жана көндүмдөрүн ишке ашырууну билет, окуучулардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жана баа бере алат. | **ИК-3.** Кесиптик ишмердигинде ишкердик билимдерди жана билгичтиктерди колдонууга жөндөмдүү болуу.<br>**КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптапциялангандан кийин аларды колдоно алат;<br>**КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү. |
| | **8-ОН = КИЖМК-1 + КК-4 + КК-7 +КК-8 + КК-18** |

| | |
|---|---|
| **8-ОН** – кесиптик карьерасын жана алдыдагы билим берүү траекториясын долбоорлоо, кесиптик өзүнөзү өнүктүрүүнү жана инсандык өсүүнү камсыздайт. | **КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу;<br>**КК-4**. Окутулгандарды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, методикасын билет жана окуучулардын кесиптик өзүнөзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө жөндөмдүү;<br>**КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптациялангандан кийин аларды колдоно алат;<br>**КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү;<br>**КК-18.** Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүү боюнча милдеттерди коё алат. |
| | **9-ОН = КК-9 + КК-11 +КК-11 +КК-14** |
| **9-ОН** – филологиялык билим берүү тармагындагы жаңы методдорду жана технологияларды иштеп чыгуу жана колдонуу боюнча илимий-изилдөөчүлүк милдеттерди чечүүдө катышат, илимий адабияттарды анализдей алат. | **КК-9**. Интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү;<br>**КК-11**. Интеграцияланган жалпы жана кесиптик билимдердин, анын ичинде иш жана окуу чөйрөсүндөгү теориялар менен принциптерди сын ой жүгүртүү менен түшүнүүнү камтыган билимдердин кеңири диапазонуна ээ;<br>**КК-12**. Өзү үйрөнгөн тилинин адабияты жөнүндө анын тарыхый өнүгүү жана азыркы абалында билимдерге ээ;<br>**КК-14**. Тексттердин ар түрдүү типтерин жана түрлөрүн чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана трансформациялоо, усулдарды, анализ ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү. |

## 8.2. Программаны ишке ашыруу үчүн документтер

- Жумушчу окуу планы *(1-тиркеме)*
- Үйрөнчүк-педагогикалык практиканын программасы *(2-тиркеме)*
- Кесиптик-базалык практиканын программасы *(3-тиркеме)*
- Кесиптик-адистик практиканын программасы*(4-тиркеме)*
- Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программасы *(5-тиркеме)*
- Дисциплиналардын аннотациялары *(6-тиркеме)*
- Сертификаттар *(7-тиркеме)*

Тиркеме 1

Министерство образования и науки Кыргызской Республики/Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим
Современный Международный Университет/Заманбап Эл аралык Университет/Modern International University
Кафедра языков /Тилдер кафедрасы

"Согласовано"/"Макулдашылды"/"Agreed"
I проректор СМУ/ ЗЭАУнын I проректору/ I Vice-Rector of MIU
_______ М. Маккамбай / M. Makkambai
"28" августа _____ 2024г/ж/у.

"Утверждаю"/"Бекитемин"/"Approved"
Ректор СМУ/ ЗЭАУнын ректору /Rector of MIU
_______ М. Е. Дарбанов/M.E. Darbanov
"28" августа _____ 2024г/ж/у

# РАБОЧИЙ УЧЕБНЫЙ ПЛАН /ЖУМУШЧУ ОКУУ ПРОГРАММАСЫ/WORKING CURRICULUM

Направление/Багыты/Direction: 550300 - Филологическое образование/Филологиялык билим берүү /Philological education
Профиль подготовки/Окуу профили/Training profile: Кыргызский язык и литература /Кыргыз тили жана адабият
Академическая степень/Илимий даражасы/Academic degree: Бакалавр/Бакалавр/ Bachelor
Форма обучения/Окуу формасы/Form of study: очная/ күндүзгү бөлүм/ full-time
Нормативный срок обучения/Окуу формасы/Form of study: 4 года/4 жыл/ 4 years

| | Сабак жана практика циклдеринин аталыштары | САТТАР/ЧАСЫ | | | | | I курс | | II курс | | III курс | | IV курс | | көзөмөлдүн түрү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | алардын ичинен/ из них | | | | | | | | | | | | |
| | | Кредиттик бирдиктерде | Баардык саатар | Ауд. | СООИ | СӨИ | 1 сем | 2 сем | 3 сем | 4 сем | 5 сем | 6 сем | 7 сем | 8 сем | экзамендер |
| | | | | | | | 15 | 15 | 15 | 15 | 15 | 15 | 15 | 13 | |
| | | | | | | | 16 | 18 | 16 | 18 | 16 | 18 | 16 | 15 | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |
| Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Б.1.1.** | **Базалык компонент** | **28** | **840** | **420** | **140** | **280** | **18** | **8** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | |
| Б.1.1.1. | Кыргыз тили жана адабияты/Кыргызский язык и литература | 8 | 240 | 120 | 40 | 80 | 4 | 4 | | | | | | | экзамен |
| Б.1.1.2. | Орус тили / Русский язык | 4 | 120 | 60 | 20 | 40 | 4 | | | | | | | | экзамен |
| Б.1.1.3. | Чет тили / Иностранный язык | 4 | 120 | 60 | 20 | 40 | 4 | | | | | | | | экзамен |
| Б.1.1.4. | Кыргызстан тарыхы / История Кыргызстана | 4 | 120 | 60 | 20 | 40 | | 4 | | | | | | | экзамен |
| Б.1.1.5. | Манас таануу / Манасоведение | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | 2 | | | | | | | | экзамен |
| Б.1.1.6. | Философия / Философия | 4 | 120 | 60 | 20 | 40 | 4 | | | | | | | | экзамен |
| Б.1.1.7. | Кыргызстан географиясы / География Кыргызстана | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | 2 | | | | | | | экзамен |
| | **Вариантивная часть** | **6** | **180** | **90** | **30** | **60** | | | | | | | | | экзамен |
| В.1.8.0 | **ЖОЖдук компонент** | **8** | **240** | **120** | **40** | **80** | | | | | | | | | |
| В.1.8.1 | Ишкердик англис тили / Деловой английский язык | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | 2 | | | | | | | экзамен |
| В.1.9.0 | **Студенттин тандоо курсу** | **6** | **180** | **90** | **30** | **60** | | | | | | | | | |
| В.1.9.1 | Кептин жазма маданияты / Культура письменной речи | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | 2 | | | | | | | | экзамен |
| В.1.9.2 | Риторика / Риторика | | | | | | | | | | | | | | экзамен |
| В.1.9.3 | Экономикс / Экономикс | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | 2 | | | | | | | экзамен |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| B.1.9.4 | Укук таануу / Правоведение | | | | | | | | | | | | | | экзамен |
| B.1.9.5 | Иш кагаздарынын негиздери / Основы делопроизводства | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | 2 | | | | | | | экзамен |
| B.1.9.6 | Уюмдардын экономикасы / Экономика организации | | | | | | | | | | | | | | экзамен |
| | Жалпы: | **34** | **1020** | **510** | **170** | **340** | **24** | **12** | **0** | **0** | **0** | **0** | 0 | **0** | |
| **Б.2. Математикалык, табигый, илимий цикл** | | | | | | | | | | | | | | | |
| Б.2.0 | **Базалык бөлүк** | **10** | **300** | **150** | **50** | **100** | | | | | | | | | |
| Б.2.1. | Математика жана информатика / Математика и информатика | 6 | 180 | 90 | 30 | 60 | 2 | 4 | | | | | | | экзамен |
| Б.2.2 | Азыркы табият таануу концепциясы / Концепция современного естествознания | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | 2 | | | | | | | | экзамен |
| Б.2.3 | Кесиптик ишмердүүлүктү укуктук камсыздоо / Правовое обеспечение профессиональной деятельности | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | 2 | | | | | | | экзамен |
| **B.2.2** | **Вариативдик бөлүк** | **4** | **120** | **60** | **30** | **60** | | | | | | | | | |
| | **ЖОЖдук компонент** | **2** | **60** | **30** | **10** | **20** | | | | | | | | | |
| B.2.2.1 | Студенттердин окуу жана илимий изилдөө иштеринин негиздери / Основы учебно-исследовательской деятельности студентов | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | 2 | | | | | экзамен |
| | **Студенттердин тандоо курсу** | **2** | **60** | **30** | **10** | **20** | | | | | | | | | |
| B.2.2.2 | Укук статистикасы / Правовая статистика | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | | | | | экзамен |
| B.2.2.3 | Социалдык психология / Социальная психология | | | | | | 2 | | | | | | | | экзамен |
| | **Цикл боюнча жалпы:** | **12** | **360** | **180** | **60** | **120** | **6** | **6** | **0** | **2** | **0** | **0** | 0 | **0** | |
| **Б.3 Кесиптик цикл** | | **156** | **4680** | **2340** | **780** | **1560** | | | | | | | | | |
| **Б.3.0** | **Базалык (жалпы кесиптик) бөлүк** | **57** | **1710** | **570** | **190** | **380** | | | | | | | | | |
| **Б.3.1.** | **Психология** | **10** | **300** | **150** | **50** | **100** | | | | | | | | | |
| Б.3.2. | Жалпы психология / Общая психология | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | 3 | | | | | | | | экзамен |
| Б.3.3. | Өсүү психологиясы / Психология развития | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | 2 | | | | | экзамен |
| Б.3.4. | Атайын психология / Специальная психология | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | | 2 | | | экзамен |
| Б.3.5. | Педагогикалык психология / Педагоическая психология | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | 3 | | | | экзамен |
| **Б.3.6.** | **Педагогика** | **10** | **300** | **150** | **50** | **100** | | | | | | | | | |
| **Б.3.6.1.** | Педагогикалык ишмердүүлүкко киришүү / Введение в педагогическую деятельность | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | 2 | | | | | | | | экзамен |
| **Б.3.6.2.** | Педагогикалык теория, система ж/а технологиялар / Педагогические теории, системы и технологии | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | 3 | | | | | | | экзамен |
| **Б.3.6.3.** | Билим берүү системаларын башкаруу / Управление образовательными системами | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | | 2 | | | экзамен |
| **Б.3.6.4.** | Педагогикалык ой-жүгүртүүнүн пайда болуу тарыхы / История образования педагогической мысли | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | 3 | | | | экзамен |
| Б.3.6.5. | Курак анатомиясы, физиология ж/а гигиена / Возрастная анатомия, физиология и гигена | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | 2 | | | | | | экзамен |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б.3.7. | Өмүрдүн коопсуздугун сактоо / Безопасность жизнедеятельности человека | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | 2 | | | | | | экзамен |
| Б.3.8. | **Филологиялык билим берүүнүн окутуу усулдары** | **12** | **360** | **180** | **60** | **120** | | | | | | | | | экзамен |
| Б.3.8.1 | Кыргыз тилин окутуунун усулу / Методика преподавания кыргызского языка | 6 | 180 | 90 | 30 | 60 | | | | | 3 | 3 | | | экзамен |
| Б.3.8.2 | Кыргыз адабиятын окутуунун усулу / Методика преподавания кыргызской литературы | 6 | 180 | 90 | 30 | 60 | | | | | 3 | 3 | | | экзамен |
| Б.3.9 | Тил илимине киришүү / Введение в языкознание | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | 3 | | | | | | | | экзамен |
| Б.3.10. | Адабият таануула киришүү / Введение в литературоведение | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | 3 | | | | | | | экзамен |
| Б.3.11. | Маданият аралык коммуникациялардын негиздери / Основы межкультурной коммуникации | 4 | 120 | 60 | 20 | 40 | | | | | | 4 | | | экзамен |
| | **Вариативдик бөлүк. Студенттердин тандоо курстары** | **99** | **2970** | **1485** | **495** | **990** | | | | | | | | | |
| Б.3.В.0 | **Адистикке даярдоо дисциплиналары** | **67** | **2010** | **1005** | **335** | **670** | | | | | | | | | |
| Б.3.В.1 | **Азыркы кыргыз тили** | ***20*** | ***600*** | ***300*** | ***195*** | ***200*** | | | | | | | | | |
| Б.3.В.1.1 | Фонетика, орфография / Фонетика, орфография | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | 3 | | | | | | экзамен |
| Б.3.В.1.2 | Лексикология ж-а фразеология / Лексикология и фразеология | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | 3 | | | | | экзамен |
| Б.3.В.1.3. | Сөз жасоо / Словообразование | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | 2 | | | | экзамен |
| Б.3.В.1.4. | Морфология / Морфология | 6 | 180 | 90 | 30 | 60 | | | | | 3 | 3 | | | экзамен |
| Б.3.В.1.5. | Синтаксис / Синтаксис | 6 | 180 | 90 | 30 | 60 | | | | | | | 3 | 3 | экзамен |
| Б.3.В.1.6. | Кыргыз тилинин практ. Курсу / Практический курс кыргызского языка | 6 | 180 | 90 | 30 | 60 | | | 3 | 3 | | | | | экзамен |
| Б.3.В.1.7. | Кыргыз адабиятынын практ. Курсу / Практический курс кыргызской литературы | 6 | 180 | 90 | 30 | 60 | | | 3 | 3 | | | | | экзамен |
| Б.3.В.1.8. | Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы / Кыргызское устное народное творчество | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | 2 | | | | | | экзамен |
| Б.3.В.1.9. | XIX к.ч. Кыргыз адабияты / Кыргызская литература XIX века | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | 2 | | | | | экзамен |
| Б.3.В.1.10 | **XX кылымдагы кыргыз адабияты** | **11** | **330** | **165** | **55** | **110** | | | | | | | | | экзамен |
| Б.3.В.1.11. | Кыргыз адабияты (20-40-ж.ж) / Кыргызская литература (20-40 гг.) | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | 3 | | | | экзамен |
| | Кыргыз адабияты (50-70--ж.ж.) / Кыргызская литература 50-70 гг. | 6 | 180 | 90 | 30 | 60 | | | | | | 3 | 3 | | экзамен |
| | Жаңы кыргыз адабияты (80-90-ж.ж.) / Новая кыргызская литература (80-90) | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | | | | 2 | экзамен |
| Б.3.В.12 | Кыргыз диалектологиясы / Кыргызская диалектология | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | 2 | | | | экзамен |
| Б.3.В.13 | Түркология / Түркология | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | 2 | | | | экзамен |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б.3.В.14 | Чыгыш жана КМШ элинин адабияты / Литература народов СНГ и Востока | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | | | | 3 | экзамен |
| Б.3.В.15 | Батыш элдеринин адабияты / Литература народов Запад | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | | | | 3 | экзамен |
| Б.3.В.16 | Стилистика/Стилистика | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | | | | 2 | экзамен |
| Б.3.В.17 | Акындар поэзиясынын тарыхы / История поэзии поэтов | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | 2 | | | | | экзамен |
| Б.3.В.18 | Кеп маданияты / Культура речи | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | | 3 | | | экзамен |
| Б.3.В.19 | Кыргыз тилинин тарыхы / История кыргызского языка | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | 3 | | | | | экзамен |
| Б.3.В.20 | Көркөм окуу / Выразительное чтение | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | 2 | | | | | | экзамен |
| Б.3.В.21 | Жалпы тил илими / Общее языкознание | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | | | 2 | | экзамен |
| Б.3.В.22 | Адабият теориясы / Теория литературы | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | | | 3 | | экзамен |
| Б.3.В.23 | Кыргыз адабий сынынын тарыхы / История кыргызской литературной критики | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | | | 3 | | экзамен |
| Б.3.В.24 | Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы / Сопоставительная грамматика тюркского языка | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | | 2 | | | экзамен |
| Б.3.В.25 | Кыргыз адабий тилинин нормасы / Норма кыргызского литературного языка | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | | | 2 | | экзамен |
| Б.3.В.26 | Көркөм текстке лингвистикалык талдоо / Лингвистический анализ художественного текста | 4 | 120 | 60 | 20 | 40 | | | | | | | 4 | | экзамен |
| Б.3.В.27 | Котормо теория жана практика / Теория перевода и практика | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | 2 | | | | экзамен |
| Б.3.В.28 | Балдар адабияты / Детская литература | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | 3 | | | | | | экзамен |
| **Б.СТК.4.0** | **Студенттердин тандоо курсу** | **13** | **390** | **199** | **61** | **130** | | | | | | | | | |
| Б.СТК.4.1 | Кыргыз маданиятынын тарыхы / История кыргызской культуры | 3 | 90 | 45 | 15 | 30 | | | | | | | 3 | | экзамен |
| Б.СТК.4.2 | Менеджмент / Менеджмент | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | 2 | | | | | экзамен |
| Б.СТК.4.3 | Кесиптик англис тили / Профессиональный английский язык | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | 2 | | | | | | экзамен |
| Б.СТК.4.4 | Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар / Информационные технологии в профессиональной деятельности | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | 2 | | | | | | экзамен |
| Б.СТК.4.5 | Орус адабияты жана маданияты / Русская литература и культура | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | | | | | 2 | | экзамен |
| Б.СТК.4.6 | Эмгекти коргоо жана коомдук коопсуздук / Охрана труда и социальное обеспечение | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | | 2 | | | | | | экзамен |
| Б.СТК.4.7 | Дистанттык билим берүү технологиялары / Дистанционные образовательные технологии | 2 | 60 | 30 | 10 | 20 | | 2 | | | | | | | экзамен |
| | **Жалпы теоретикалык окуунун кредити** | **156** | **4680** | **2340** | **780** | **1560** | **3** | **16** | **27** | **23** | **27** | **25** | **23** | **13** | |
| | **Баары теоретикалык окуунун кредити** | **201** | **6120** | **3060** | **1020** | **2040** | **33** | **32** | **27** | **26** | **27** | **25** | **23** | **13** | |

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б.4. | Дене тарбия / Физическая культура | | 400* | | | | * | * | * | * | | | | | 1, 2, 3, 4. |
| **Б.5.0** | **Практикалар** | **25** | **720** | | | | | | | | | | | | |
| Б.5.1 | Педагогикалык үйрөнчүк / Адаптационно-педагогическая | 6 | 180 | | | | | | 3 | 3 | | | | | экзамен |
| Б.5.2 | Кесиптик - базалык / Профессионально-базовая | 8 | 240 | | | | | | | | 4 | 4 | | | экзамен |
| Б.5.3 | Кесиптик - адистик / Профессионально-профильная | 11 | 330 | | | | | | | | | | 6 | 5 | экзамен |
| Б.6 | **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация (квалификалык иш)** | **10** | **300** | | | | | | | | | | | | |
| Б.6.1 | Кыргыз тилин окутуунун усулу / Методика преподавания кыргызского языка | 4 | 120 | | | | | | | | | | | 4 | экзамен |
| Б.6.2 | Кыргыз адабиятын окутуунун усулу жана педагогикасы / Методика преподавания кыргызской литературы и педагогики | 4 | 120 | | | | | | | | | | | 4 | экзамен |
| Б.6.3 | Кыргызстан тарыхы, Кыргызстан географиясы, кыргыз тил / История Кыргызстана, География Кыргызстана, Кыргызский язык | 2 | 60 | | | | | | | 2 | | | | | экзамен |
| | Экзамендердин саны | | | | | | **12** | **11** | **12** | **10** | **11** | **10** | 9 | 7 | |
| | Баары: | **240** | **7200** | **3600** | **1200** | **2400** | **33** | **32** | **30** | **28** | **31** | **29** | **28** | **29** | |

*Дене тарбия сабагынын иш балансындагы сааттар эсептелинбейт.

Окуу планы жогорку профессионалдык билим берүүнүн 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын негизинде иштелип чыкты.

КР БЖИМ 21.09.2021ж №1578/1 приказынын негизинде бекитилген.Заманбап эл аралык университетинин Окумуштуулар кеңешинде бекитилген.

**Кафедра башчысы ф.и.к., проф.: ____________ Эсенова Н. М.**

Тиркеме 2

**"Бекитемин"**
**ЗЭАУнун ректору, профессор**
**__________ Дарбанов М.Е.**
**«__» ___________ 202___ ж**

# ҮЙРӨНЧҮК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ПРОГРАММАСЫ
# 550300 «ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ» (БАКАЛАВР)

## 1. Жалпы жоболор

### 1.1. Программанын аты

550300 «Филологиялык билим берүү» адистиги боюнча бакалавриат студенттери үчүн үйрөнчүк-педагогикалык практиканын программасы.

### 1.2. Укуктук-ченемдик база

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы.
- «Филологиялык билим берүү» багыты боюнча жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.
- Заманбап эл аралык университеттин 550300 «Филологиялык билим берүү» багыты боюнча негизги билим берүү программасы (НББП).
- Практикадан өтүүнүн тартиби жөнүндө университеттин ички жобосу.

### 1.3. Үйрөнчүк-педагогикалык практиканын максаты

Студенттердин жалпы кесиптик жана адистик дисциплиналарды окууда алган теориялык билимдерин бекемдөө, тереңдетүү жана системалаштыруу, баштапкы кесиптик көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү өздөштүрүү, келечектеги кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон компетенцияларды калыптандыруу.

### 1.4. Окуу программасынын структурасында үйрөнчүк-педагогикалык практиканын орду

Үйрөнчүк-педагогикалык практика 2-курста 3-семестрде өткөрүлөт, Б.5.1. «Практика» циклинде каралган жана студенттерди даярдоонун милдеттүү бөлүгү болуп саналат. Практиканын жалпы узактыгы 3 жума, жалпы көлөмү 3 кредит.

### 1.5. Практика өтөө базасы

Практика төмөнкү жерлерде өткөрүлөт:

- жалпы орто билим берүүчү мектептер
- колледждер
- лицейлер
- коомдук жана илимий чөйрө
- мамлекеттик жана коомдук-маданий бөлүмдөрү;

## 2. Үйрөнчүк-педагогикалык практиканын максаттары жана мазмуну

### 2.1. Негизги милдеттер

- Кесиптик дисциплиналарды үйрөнүүдө алынган билимдерди бекемдөө жана тереңдетүү.
- педагогикалык–филологиялык усулдарды колдонуу практикасы менен таанышуу.

- Филологиялык билим берүү чөйрөдө кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу.
- Аналитикалык жана изилдөө көндүмдөрүн өнүктүрүү.
- Иш кагаздарын жүргүзүү жана иш кагаздарын жүргүзүү көндүмдөрүн өздөштүрүү.
- Акыркы квалификациялык ишти жазууга даярдоо.

**2.2. Практиканын негизги этаптары**

**Уюштуруу баскычы (1-жума)**

- Таанышуу программасы, талаптар жана уюмдун ички эрежелери менен таанышуу.
- Коопсуздук боюнча окууларды өткөрүү.
- Окуучулар үчүн жеке тапшырмаларды аныктоо.

**Негизги этап (2- жума)**

- Мекеменин ишин жөнгө салуучу ченемдик документтер менен таанышуу.
- Иш кагаздарын жүргүзүүнү үйрөнүү (арыздар, суроо-талаптар, эскертмелер, процессуалдык документтер).
- Билим берүүчү уюмдардын педагогдордун практикалык ишмердүүлүгү менен тааныштыруу.
- Насаатчынын жетекчилиги астында план-конспект, даярдоого катышуу.
- Катышкан сабактарынын жүрүшүнө өз алдынча анализ жасоо.

**Финалдык этап ( 3-жума)**

- Отчеттук документтерди даярдоо.
- Практиканын жыйынтыгын жетекчи менен талкуулоо.
- Практика боюнча отчетту коргоо.

**3. Контролдоо жана отчеттуулук**

**3.1. Контролдоо формалары**

- Практиканттын күндөлүгү.
- Практиканын жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча отчёт;
- Практиканы өтөгөн жерден насаатчынын колу коюлган мүнөздөмө.
- Университеттин комиссиясынын алдында отчетту коргоо.
- Практиканын отчетун коргоосу боюнча баа коюу.

**3.2. Практика жөнүндө отчеттун түзүмү**

- Титулдук бет.
- Мекеменин кыскача баяндамасы (түзүмү, функциялары, ченемдик укуктук базасы).
- Аткарылган тапшырмалардын жана алынган көндүмдөрдүн тизмеси.
- Окулган документтерди жана укук колдонуу практикасын талдоо.
- Корутундулар жана сунуштар.
- Тиркемелер (документтердин үлгүлөрү, укуктук ченемдик актылардан үзүндүлөр ж.б.).

**4. Үйрөнчүк-педагогикалык практикада калыптанган компетенциялар**

Практика учурунда студенттер төмөнкү компетенцияларды өздөштүрүшү керек:

**а) универсалдык:**

*– жалпы илимий (ЖИК):*

**ЖИК-1**. Бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана ага сын көз менен кароого, турмуш баалуулуктарына, маданиятка багыт алууга, активдүү жарандык позицияга ээ болууга, адамдарды урматтоого жана толеранттуулукка жөндөмдүү болуу;

– *коомдук-инсандык жана жалпы маданий компетенция (КИЖМК):*

**КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу.

– *кесиптик (КК):*

**КК-1.** Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-2.** Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптапцияланганда кийин аларды колдоно алат;

**КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү;

**КК-9**. Интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү;

**КК-17.** Тилге жана адабиятка интеграциялап окутуу усулдарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-18.** Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүү боюнча милдеттерди коё алат.

## 5. Практиканын жыйынтыгын баалоо

Үйрөнчүк-педагогикалык практиканын натыйжасы жүз баллдык шкала боюнча бааланат. Жыйынтыктоочу упай төмөнкүлөрдөн турат:

1. Практиканын жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча отчёт–(0–30 баллга чейин)
2. Практикадан өткөн жерден студент-практикантка берилген мүнөздөмө–(0–20 баллга чейин)
3. Практиканттын күндөлүгү–(0–30 баллга чейин)
4. Башка көрсөткүчтөр–(0–20 баллга чейин)
5. Жалпы балл–(0–100 чейин)

## 6. Окуу-методикалык камсыздоо

- Практика боюнча методикалык сунуштар.
- Отчеттук документтерди даярдоонун мисалдары.
- Педагогикалык маалымат базалары.
- Педагогикалык жана филологиялык билим берүү боюнча окуу китептери жана окуу куралдары.

## 7. Корутунду жоболор

Үйрөнчүк-педагогикалык практиканын программасы мыйзамдардын жана эмгек рыногунун талаптарынын өзгөрүшүн эске алуу менен үзгүлтүксүз жаңыртылып турат.

Программанын аткарылышын уюштуруу жана контролдоо жоопкерчилиги университеттен практика жетекчисине жана практика өтөгөн мекеменин өкүлүнө жүктөлөт.

ЗЭАУнун Окумуштуулар кеңешинин
жыйынында каралды
Протокол №__1__ "_29_" __08______2024-ж.

Тиркеме 3

"Бекитемин"
ЗЭАУнун ректору, профессор
_________ Дарбанов М.Е.
«___» __________ 202_ ж

**КЕСИПТИК БАЗАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ПРОГРАММАСЫ**
**550300 «ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ» (БАКАЛАВР)**

**1. Жалпы жоболор**

**1.1. Программанын аты**

550300 «Филологиялык билим берүү» адистиги боюнча бакалавриат студенттери үчүн кесиптик - базалык практиканын программасы.

**1.2. Укуктук-ченемдик база**

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы.
- «Филологиялык билим берүү» багыты боюнча жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.
- Заманбап Эл аралык университеттин 550300 «Филологиялык билим берүү» багыты боюнча негизги билим берүү программасы (НББП).
- Практикадан өтүүнүн тартиби жөнүндө университеттин ички жобосу.

**1.3. Кесиптик базалык практиканын максаты**

Студенттердин жалпы кесиптик жана адистик дисциплиналарды окууда алган теориялык билимдерин бекемдөө, тереңдетүү жана системалаштыруу, баштапкы кесиптик көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү өздөштүрүү, келечектеги кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон компетенцияларды калыптандыруу.

**1.4. Окуу программасынын структурасында кесиптик базалык практиканын орду**

Кесиптик базалык практика 2-курстун 4 семестри жана 3-курстун 5-семестрде өткөрүлөт, Б.5.1.«Практика» циклинде каралган жана студенттерди даярдоонун милдеттүү бөлүгү болуп саналат. Практиканын жалпы узактыгы 6 жума, жалпы иш жүгү 7 кредит:

4-семестр – 3 жума;
5-семестр- 3 жума

**1.5. Практика өтөө базасы**

Практика төмөнкү жерлерде өткөрүлөт:

- жалпы орто билим берүүчү мектептер
- колледждер
- лицейлер
- коомдук жана илимий чөйрө
- мамлекеттик жана ко омдук-маданий бөлүмдөрү;

**2. Кесиптик -базалык практиканын максаттары жана мазмуну**

**2.1. Негизги милдеттер**

1. Класстын педагогикалык процессинин абалын изилдөө жана баалоо:
а) окуу процесси педпсихологиялык билимдин түзүмдүк бөлүгү катары;
б) тарбия процесси педпсихологиялык билимдин түзүмдүк бөлүгү катары.
2. Педагогикалык процесстин негизги мүнөздөмөлөрүн окуудагы психологиялык-диагностикалык методикалардын комплекстерине ээ болуу.
3. Кесиптик-педагогикалык компетенциянын калыптанышы (билимди, предметтик мугалимдин жана класс жетекчинин жардамчысынын жана педагогикалык мамилени уюштуруу функцияларын аткаруу үчүн болгон шыктуулук жана тажрыйба).
4. Кесипктик жана жеке өз алдынча өнүгүүнүн жайылтылган планын аткаруу.

**2.2. Практиканын негизги этаптары**

**Уюштуруу баскычы (1-жума)**

- Таанышуу программасы, талаптар жана уюмдун ички эрежелери менен таанышуу.
- Коопсуздук боюнча окууларды өткөрүү.
- Окуучулар үчүн жеке тапшырмаларды аныктоо.

**Негизги этап (2-3 жума)**

- Мекеменин ишин жөнгө салуучу ченемдик документтер менен таанышуу.
- Иш кагаздарын жүргүзүүнү жана иш кагаздарын жүргүзүүнү үйрөнүү (арыздар, суроо-талаптар, эскертмелер, процессуалдык документтер).
- Билим берүүчү уюмдардын педагогдордун практикалык ишмердүүлүгү менен тааныштыруу.
- Насаатчынын жетекчилиги астында план-конспект, даярдоого катышуу.
- Катышкан сабактарынын жүрүшүнө өз алдынча анализ жасоо.

**Финалдык этап ( 4-жума)**

- Отчеттук документтерди даярдоо.
- Практиканын жыйынтыгын жетекчи менен талкуулоо.
- Практика боюнча отчетту коргоо.

**3. Контролдоо жана отчеттуулук**

**3.1. Контролдоо формалары**

- Мектептин директору менен күбөлөндүрүгөн класс жетекчисинин же предметтик мугалимдин кол тамгасы менен тапшырмаларды аткаруу жөнүндө индивидуалдык план (тиркеме 1).
- Педагогикалык күндөлүк (тиркеме 2)
- окуучунун психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү.
- Аткарылган иш жөнүндө отчет (эркин формада).
- Портфолио

**3.2. Практика жөнүндө отчеттун түзүмү**

- Титулдук бет.
- Мекеменин кыскача баяндамасы (түзүмү, функциялары, ченемдик укуктук базасы).
- Аткарылган тапшырмалардын жана алынган көндүмдөрдүн тизмеси.
- Окулган документтердин мазмуну жана аткарылган иш-пландар.
- Корутундулар жана сунуштар.
- Тиркемелер (документтердин үлгүлөрү).

**4. Кесиптик -базалык практикада калыптанган компетенциялар**

**Окуп билүү:**

- Нормативдик жана мугалимдер иштеп чыккан окуу пландарын (окуу планы; окуу программасы; предметтик мугалимдин календардык, тематикалык жана сабакка планы);
- Предмет боюнча окуу кабинетин (окутуунун техникалык каражаттарын, таблицаларды, схемаларды, таркатылчу дидактикалык материалдарды, электрондук түрдөгү окуу китептерин ж.б );
- Ар кандай формалардагы окуу процесстерин (сабак, саминар, тегерек стол, дебаттар ж.б);
- Предмет боюнча класстан тышкаркы ишти;
- Психологиялык педагогикалык диагностика ыкмаларын колдонуу менен балдар жамаатын;
- Окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
- Класс жетекчисинин тарбиялык иштеринин системаларын;
- Педпсихологиялык билим берүүнүн заманбап окуу технологияларын.

**Жасай алуу:**
- Предметтик мугалимдин сабагына дидактикалык материалды даярдоого;
- Окуу предмети боюнча календардык–тематикалык план же тарбиялык план түзүүгө;
- Сабактарга ар кандай типтеги пландарды түзүүгө;
- Календардык–тематикалык планга ылайыктуу ар кандай типтеги сабактарды өткөрүүгө;
- Сабактан тышкаркы үйрөтүү ишмердигинин ар кандай формаларын өткөрүүгө (окуу предмети боюнча);
- Класстык сааттарды жана сабактан тышкаркы иш чараларды даярдоого жана өткөрүүгө;
- Окуучулардын окуу материалды өздөштүрүүсүнө жардам көрсөтүүгө;
- Тарбия иштеринин айрым түрлөрүн жана формаларын өз алдынча даярдоо жана өткөрүү.

**Ээ болуу:**
- Сабактын жалпы дидактикалык, психологиялык анализин;
- Класстын психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсүн иштеп чыгуу
- Кесиптик өзүн тарбиялоо жана окутуу программасын ишке ашыруу боюнча иштөө

**5. Практиканын жыйынтыгын баалоо**

Кесиптик-базалык практиканын натыйжасы жүз баллдык шкала боюнча бааланат. Жыйынтыктоочу упай төмөнкүлөрдөн турат:

1. Практиканын жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча отчёт–(0–30 баллга чейин)
2. Практикадан өткөн жерден студент-практикантка берилген мүнөздөмө–(0–20 баллга чейин)
3. Практиканттын күндөлүгү–(0–30 баллга чейин)
4. Башка көрсөткүчтөр–(0–20 баллга чейин)
5. Жалпы балл–(0–100 чейин)

**6. Окуу-методикалык камсыздоо**
- Практика боюнча методикалык сунуштар.
- Отчеттук документтерди даярдоонун мисалдары.
- Педагогикалык маалымат базалары.

- Педагогикалык жана филологиялык билим берүү боюнча окуу китептери жана окуу куралдары.

**7. Корутунду жоболор**

Кесиптик -базалык практиканын программасы мыйзамдардын жана эмгек рыногунун талаптарынын өзгөрүшүн эске алуу менен үзгүлтүксүз жаңыртылып турат.

Программанын аткарылышын уюштуруу жана контролдоо жоопкерчилиги университеттен практика жетекчисине жана уюмдун өкүлүнө жүктөлөт.

ЗЭАУнун Окумуштуулар кеңешинин

жыйынында каралды

Протокол №_1_ "_29_" _08_ 2024-ж.

Тиркеме 4

**“Бекитемин”**
**ЗЭАУнун ректору, профессор**
**________________Дарбанов М.Е.**
**«____» _____________ 2024__ ж**

**КЕСИПТИК-АДИСТИК ПРАКТИКАНЫН ПРОГРАММАСЫ**
**550300 «ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ» (БАКАЛАВР)**

**1. Жалпы жоболор**

**1.1. Программанын аты**

550300 «Филологиялык билим берүү» адистиги боюнча бакалавриат студенттери үчүн кесиптик –адистик практиканын программасы.

**1.2. Укуктук-ченемдик база**

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы.
- «Филологиялык билим берүү» багыты боюнча жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.
- Заманбап Эл аралык университеттин 550300 «Филологиялык билим берүү» багыты боюнча негизги билим берүү программасы (НББП).
- Практикадан өтүүнүн тартиби жөнүндө университеттин ички жобосу.

**1.3. Кесиптик –адистик практиканын максаты**

1. Студенттин жалпы билим берүү мекемелеринде кесиптик педагогикалык ишмердүүлүгүнө көнүү деңгээлин көтөрүү.
2. Түрдүү педагогикалык тапшырмаларды чечүүдө филологиялык, психологиялык-педагогикалык дисциплиналар циклы боюнча билимди жана ыкманы комплекстүү пайдаланууга даярдыгын түзүү.
3. Окуу тарбиялык иштерди кесиптик-педагогикалык ыкмалар жана көндүмдөрдү калыптандыруу.
4. Студенттерде педагогдук кесиптин баалуулуктарын, педагогикалык эмгектин жыйынтыктуулугуна жооптуулугун өстүрүү.

**1.4. Окуу программасынын структурасында кесиптик-адистик практиканын орду**

Кесиптик –адистик практика 3-курста 6-семестрде, 4-курста 7-8-семестрде өткөрүлөт, Б.5.1. «Практика» циклинде каралган жана студенттерди даярдоонун милдеттүү бөлүгү болуп саналат. Практиканын жалпы узактыгы 16 жума, жалпы көлөмү 15 кредит.

**6-семестр 4 жума**
**7-семестр 6 жума**
**8-семестр 6 жума**

**1.5. Практика өтөө базасы**

Практика төмөнкү жерлерде өткөрүлөт:

- жалпы орто билим берүүчү мектептер
- колледждер
- лицейлер
- коомдук жана илимий чөйрө
- мамлекеттик жана коомдук-маданий бөлүмдөрү;

**2. Кесиптик-адистик практиканын максаттары жана мазмуну**

**2.1. Негизги милдеттер**

1. Билим берүү мекемесинин окуу-тарбиялык иштери менен таанышуу жана анын абалына анализ жүргүзүү, мекеменин билим берүү процессин изилдөө жана окуу жайынын башкаруу нормативдик документтерин өзгөчөлүгүнө көңүл бөлүү.
2. Студенттердин проактикалык педагогикалык ишмердүүлүгүнө көңүл бөлүү, педагогикалык тажрыйба менен таанышуу, кыргыз тилди жана адабияты мугалиминин иш системасына ээ болуу.
3. Окуу жайында билим алуучулардын тарбиялык иштерин изилдөө жана анализдөө; класс жетекчинин ишин өздөштүрүү, окуучунун, окуучулар жамаатынын инсандыгын изилдөө.
4. Студент-практиканттарда бүтүн окуу-тарбиялык процессти уюштура билүүсүн, баалоону көзөмөлдөө, мониторинг боюнча башкарууну ишке ашырууну өнүктүрүү.

**2.2. Практиканын негизги этаптары**

## I ЭТАП – Даярдык баскычы (1-2 жума)

- Практика өтөй турган мекеме (мектеп, университет, басмакана, илимий борбор ж.б.) менен таанышуу;
- Практиканын максаттары жана талаптары менен таанышуу;
- Жеке план түзүү жана жетекчи менен макулдашуу;
- Практикалык иштерди жүргүзүү үчүн керектүү материалдарды топтоо.

## II ЭТАП – Негизги практикалык иштер (3-14 жума)

### 2.1. Окутуу ишмердүүлүгү (3-9 жума)

- Филология предметтери боюнча (кыргыз тили, адабият, орус тили, чет тили ж.б.) сабактарга катышуу жана байкоо жүргүзүү;
- Сабак өтүү методикасын өздөштүрүү, окутуу процесстерин анализдөө;
- Сабактар үчүн методикалык иштелмелерди даярдоо;
- Сабак өтүү (өз алдынча же жетекчинин көзөмөлүндө);
- Окуучулардын (же студенттердин) билимин баалоо жана кайтарым байланыш берүү.

### 2.2. Илимий-изилдөө иштери (10-14 жума)

- Филология тармагында актуалдуу маселелерди изилдөө;
- Лингвистикалык, адабий же методикалык анализ жүргүзүү;
- Практиканын жүрүшүндө алынган маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу;
- Изилдөө иши боюнча отчет же макала даярдоо.

## III ЭТАП – Жыйынтыктоо жана отчеттук ишмердүүлүк (15-16 жума)

- Практиканын жүрүшүндө аткарылган иштерди анализдөө;
- Практика боюнча отчетту түзүү жана жетекчи менен макулдашуу;

- Жыйынтыктоочу конференцияда практика боюнча корутунду баяндама жасоо.

**3. Контролдоо жана отчеттуулук**

**3.1. Контролдоо формалары**

- Практиканттын күндөлүгү.
- Практиканын жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча отчёт;
- Практикадан өткөн жерден насаатчынын колу коюлган мүнөздөмө.
- Университеттин комиссиясынын алдында отчетту коргоо.
- Практиканын отчетун коргоосу боюнча баа коюу.

**3.2. Практика жөнүндө отчеттун түзүмү**

- Титулдук бет.
- Мекеменин кыскача баяндамасы (түзүмү, функциялары, ченемдик укуктук базасы).
- Аткарылган тапшырмалардын жана алынган көндүмдөрдүн тизмеси.
- Окулган документтерди жана укук колдонуу практикасын талдоо.
- Корутундулар жана сунуштар.
- Тиркемелер (документтердин үлгүлөрү, укуктук ченемдик актылардан үзүндүлөр ж.б.).

**4. Кесиптик –адистик практикада калыптанган компетенциялар**

Практика учурунда студенттер төмөнкү компетенцияларды өздөштүрүшү керек:

**а) универсалдык:**

*– жалпы илимий (ЖИК):*

**ЖИК-1**. Бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана ага сын көз менен кароого, турмуш баалуулуктарына, маданиятка багыт алууга, активдүү жарандык позицияга ээ болууга, адамдарды урматтоого жана толеранттуулукка жөндөмдүү болуу;

– *коомдук-инсандык жана жалпы маданий компетенция (КИЖМК):*

**КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу.

– *кесиптик (КК):*

**КК-1.** Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-2.** Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптапциялангандан кийин аларды колдоно алат;

**КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү;

**КК-9**. Интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү;

**КК-17.** Тилге жана адабиятка интеграциялап окутуу усулдарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-18.** Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүү боюнча милдеттерди коё алат.

## 5. Практиканын жыйынтыгын баалоо

Кесиптик-адистик практиканын натыйжасы беш баллдык шкала боюнча бааланат. Жыйынтыктоочу упай төмөнкүлөрдөн турат:

1. Практиканын жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча отчёт–(0–30 баллга чейин)
2. Практикадан өткөн жерден студент-практикантка берилген мүнөздөмө–(0–20 баллга чейин)
3. Практиканттын күндөлүгү–(0–30 баллга чейин)
4. Башка көрсөткүчтөр–(0–20 баллга чейин)
5. Жалпы балл–(0–100 чейин)

## 6. Окуу-методикалык камсыздоо

- Практика боюнча методикалык сунуштар.
- Отчеттук документтерди даярдоонун мисалдары.
- Педагогикалык маалымат базалары.
- Педагогикалык жана филологиялык билим берүү боюнча окуу китептери жана окуу куралдары.

## 7. Корутунду жоболор

Кесиптик-адистик практиканын программасы мыйзамдардын жана эмгек рыногунун талаптарынын өзгөрүшүн эске алуу менен үзгүлтүксүз жаңыртылып турат.

Программанын аткарылышын уюштуруу жана контролдоо жоопкерчилиги университеттен практика жетекчисине жана уюмдун өкүлүнө жүктөлөт.

ЗЭАУнун Окумуштуулар кеңешинин

жыйынында каралды

Протокол №_1_ "_29_"_08_2024-ж.

Тиркеме 5

**“Бекитемин”**
**ЗЭАУнун ректору, профессор**
**_________ Дарбанов М.Е.**
**«___» ____________ 2024-жыл**

## 550300 Филологиялык билим берүү адистиги боюнча дисциплиналар комплекси боюнча мамлекеттик бүтүрүү экзаменинин программасы

### 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Дисциплиналардын комплекси боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын бул программасы «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана 550300 «Филологиялык билим берүү» адистиги боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иштелип чыккан. Программа Заманбап эл аралык университетте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү үчүн иштелип чыкты.

1.2. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация (МЖА) студенттердин негизги кесиптик билим берүү программасын – кыргыз тили жана адабияты мугалими адистерин даярдоо программасын өздөштүрүү даражасын жана деңгээлин баалоо формасы болуп саналат. Ал окуу мезгилинде алынган билимдердин, көндүмдөрдүн жана көндүмдөрдүн акыркы сыноосу катары кызмат кылат.

1.3. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация студенттерди даярдоонун сапатын баалоонун объективдүүлүгү жана көз карандысыздыгы принциптеринин негизинде жүргүзүлөт. Мамлекеттик аттестациялык комиссия сынакты өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ошондой эле Заманбап эл аралык университеттин ички жоболорун жетекчиликке алат.

1.4. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын максаты студенттердин кесиптик жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын – адистерди даярдоо программасын өздөштүрүүнүн натыйжалары 550300 «Филологиялык билим берүү» кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келээрин аныктоо, ошондой эле бүтүрүүчүнүн өз алдынча кесиптик ишке даярдоо деңгээлин баалоо болуп саналат.

1.5. 550300 «Филологиялык билим берүү» кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- 550300 «Филологиялык билим берүү» кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча бүтүрүүчүнүн даярдыгынын деңгээлин жана анын билиминин жана көндүмүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкештигин комплекстүү баалоо.
- Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгы боюнча бүтүрүүчүгө квалификация ыйгаруу жана ага кесиптик жогорку билими жөнүндө тиешелүү диплом берүү жөнүндө чечим кабыл алынат.

– Сынактардын жыйынтыктарын талдоонун негизинде 550300 «Филологиялык билим берүү» кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоону жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

## 2. МАМЛЕКЕТТИК СЫНАКТЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ

2.1. Дисциплиналардын комплекси боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакка даярдоо жана мамлекеттик аттестациялык комиссиянын (МАК) ишин уюштуруу тиешелүү консультациялардын графиктери жана сынактарды өткөрүү графиктери менен аныкталат. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга негизги кесиптик билим берүү программасынын бардык талаптарын аткарган жана ЖОЖдун окуу планында каралган бардык дисциплиналар аралык сынактардан ийгиликтүү өткөндөр киргизилет.

2.2. Сынак жазуу (кагаз) жана аны оозеки түрдө жооп берүү, тестирлөө үчүн зарыл болгон бардык нерселер менен жабдылган атайын даярдалган аудиторияда өткөрүлөт. Сынак учурунда консультация, маалымдама же башкалар менен өз ара аракеттенүү үчүн электрондук шаймандарга жол берилбейт.

2.3. Сынак ар бир биринде үчтөн суроо жазылган кагаз түрүндө берилген сынактык билетти камтыйт. Студент мазмунуна үч суроону камтыган сынактык билет алат. Суроолор 1-теориялык, 2-методикалык, 3-талдоолор боюнча үч мазмундан турат.

2.4. Билеттеги суроолорго жооп жазууга бөлүнгөн убакыт аяктагандан кийин студенттер жооп баракчаларын оозеки түрдө коргошот. Суроого жазуу түрүндө даярданып, ал эми жооп берүү – оозеки түрдө болот. Сынактык билеттин суроолору боюнча ар бирине өзүнчө баа берилет, бирок жыйынтыгында мамлекеттик аттестациялоо комиссиянын мүчөлөрү менен кеңешип, бир баа коюлат.

2.5. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү студенттердин жоопторунун жыйынтыктарын жабык жыйналышта талкуулашат жана зарыл болгон учурда татаал же көйгөйлүү маселелер боюнча кошумча оозеки талкууну (интервью) өткөрүшөт. Мамлекеттик сынакка коюлган баа боюнча акыркы чечим комиссия мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен кабыл алынат.

2.6. Жабык жыйналыштын жүрүшүндө техникалык катчы аттестациялык сынактын натыйжалары жөнүндө кыскача отчетту даярдайт жана комиссиянын төрагасына кол коюуга берет. Жабык жыйналыштын узактыгы 60 мүнөттөн ашпоого тийиш.

2.7. Комиссия чечим чыгаргандан кийин мамлекеттик жыйынтыктоочу сынактын жыйынтыгы студенттерге жарыяланат. Эгерде студент жыйынтыктоочу баа менен макул болбосо, ал белгиленген мөөнөттө апелляциялык даттанууга укуктуу.

2.8. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйналыштарынын протоколуна комиссиянын төрагасы, мүчөлөрү жана техникалык катчы кол коюшат. Бардык протоколдор университеттин архивинде белгиленген эрежелерге ылайык сакталат.

## 3. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ МЕНЕН ӨТҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫНА ТАЛАПТАР

Бүтүрүүчү жалпы компетенцияларга ээ болушу керек, анын ичинде:

**а) универсалдык:** – *жалпы илимий (ЖИК):*

**ЖИК-1**. Бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана ага сын көз менен кароого, турмуш баалуулуктарына, маданиятка багыт алууга, активдүү жарандык позицияга ээ болууга, адамдарды урматтоого жана толеранттуулукка жөндөмдүү болуу;

– *инструменталдык (ИК):*

**ИК-1.** Мамлекеттик, расмий тилде жана иш, окуу чөйрөсүндөгү чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу;

**ИК-2.** Иш жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү болуу;

**ИК-3.** Кесиптик ишмердигинде ишкердик билимдерди жана билгичтиктерди колдонууга жөндөмдүү болуу.

– *коомдук-инсандык жана жалпы маданий компетенция (КИЖМК):*

**КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу.

– *кесиптик (КК):*

**КК-1.** Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-2**. Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-3.** Окуу процесси үчүн окутуунун инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана рационалдуу колдонуу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) багытталган принциптерине оптималдуу шарт түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-4**. Окутулгандарды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, методикасын билет жана окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-5.** Туруктуу улуттук баалуулуктардын негизинде окуучуларды руханий-нравалык жактан тарбиялоонун принциптери менен шарттарын түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-6**. Билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттик-кеңеш берүүчүлүк иштерге катышууга, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү;

**КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптапцияланган кийин аларды колдоно алат;

**КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү;

**КК-9**. Интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү;

**КК-10**. Окуучулардын ар кандай чөйрөдөгү (акыл, коомдук, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин аныктай алат жана ага жараша ар түрдүү терс таасирлерге (зомбулук, ичимдик жана баңги заттарын колдонуу ж.б.) жол бербөө үчүн алдын алуу иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү;

